Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# МУХАРРАМ АЙЫ ЖАНА АШУРА КҮНҮ

**Док. Ахмедова Замира***

**Özet**

Bu makalede Muharrem ayı ve Aşure günü hakkında bilgiler verilmiştir. Öncelikle belirtmemiz gerekir ki günümüzde bu konularla ilgili derli toplu Kırgızca bilgilere rastlamak zordur. Dolaysıyla ilk amacımız bu konularda Kırgızca bilgileri halkımıza sunmaktır. Makalemizin giriş kısmında genel olarak önemli gün ve gecelerin insanlık için yeri ve önemi vurgulanmıştır. Bunların dinle ilgili olanları insanlara daha fazla etki bıraktığı belirtilmiştir.

Makalenin birinci alt başlığında Muharrem ayının İslam âlemi için önemi anlatılmıştır. Bu bağlamda cahiliye devrinden itibaren Muharrem ayının kutsallığının bilindiği, bu ayın haram aylar içerisinde sayılarak savaşların yasaklandığı anlatılmıştır. Ardından da Muharrem ayının haram aylar içerisinde de özel yeri olduğu, İslam'dan sonra da haram ay olarak benimsendiği, Hz. Ömer devrinde hicri yılının ilk ayı olarak benimsendiği ve Hz. Peygamber'in bu ay için *"Allah'ın ayı"* dediği üzerinde durulmuştur.

İkinci alt başlıkta ise, önce Aşure gününün İslam'a kadarki tarihinin önemi üzerinde durulmuştur. Ondan sonra İslam'dan sonraki önemi, Hz. Peygamber'in hadisleri ışığı altında, özellikle oruç konusu etrafında ele alınmıştır. Sonunda Hz. Hüseyin'in Aşure günü Kerbela'da şehit edilmesi ve bunun İslam dünyasındaki etkilerine değinilmiş ve bu konuda Şiilerin aşırıya kaçtıkları ve ancak bundan sonra artık bu konunun Müslümanların birlik ve beraberliğine etki etmemesi gerektiği vurgulanmıştır.

**Anahtar Kelimeler:** Muharrem, Aşure, Önemli gün ve geceler, Oruç, Hz. Hüseyin

## Киришүү

Адам баласынын жашоосун белгилүү күн жана кечелер эзелтеден бери коштоп келет. Мындай жакшы жышаандар негизинен, ар бир коомго шаттык берип; баалулуктарын жана өзгөчөлүктөрүн даңазалоого жана адамдардын ич-дүйнөсүнүн баюусуна шарт түзөт. Белгилүү күн жана кечелердин маанилүү бөлүгүн дин жана ар түрдүү ишенимдерге байланыштуу ыйык күн жана кечелер түзөөрү маалым. Алар ыйык катары бааланып, өзгөчө мааниге ээ болуп келет. Ыйык күн жана кечелерде ар-биринин пайда болуу, өнүгүү тарыхы, максаты, жактоочуларына берген үлгүсү, алардын ички жан-дүйнөлөрүн

* Ош мамлекеттик университети теология факультетинин окутуучусу

байытууга жана шыктандырууга жасаган аракеттер байкалат. Ошол эле учурда, ар бир дин адамдын табиятына жаратуучу тарабынан жайгаштырылган даталарды белгилөө сезими жана андан жаралган жашоо образына багыт берүүнү да эңсеп келишет. Адам баласынын табиятындагы мындай ички сезимге кайдыгер мамиле жасабаган жана жада калса адамдык сапаттарды эң жакшы тааныган диндердин алдынкы катарында Ислам дини тураары талашсыз. Бул дин адам баласына ыйык жана берекелүү күн жана кечелерди белек кылган.

Ислам дининин адамдарга белек кылган ыйык күн жана кечелердин мааниси терең; адамзаттын акырети үчүн даярдыкка, жеке адамдын жана коомго пайдалуу болушуна негизделген. Атап өтө турган болсок пайгамбарыбыздын (С.А.В) Мадинада мусулумандарга Аллах Тааланын ыраазычылыгы менен белек катары ыйык рамазан жана курбан майрамдарын тартуулагандыгы белгилүү. Мына ошол майрамдардан бул үч негизди көрүүгө болот. Биринчиси, албетте Аллах Тааланын ыразычылыгын табуу жана акыретке даярдык көрүү. Экинчиси жеке адамдын руханий баюусуна шарттардын жаралгандыгы. Үчүнчүсү майрамдык маанай тартуулоо менен тууган жана тааныштарды зыярат кылып мамилени күчөтүү, фитир садакасын, курбандык эттеринен тууган жана колунда жокторго тартуулоо ж.б.у.с. жолдор менен коомго пайда алып келүү.

Ислам growth сайын ыйык жума майрамы белгиленет. Бул майрамдын мазмунуна сиресеп салганыбызда, жогорудагы негиздердин бир канчасын байкоого болот. Атап айтсак, бул күндүн негизги мааниси Алла Таалага ыйбадат кылуу менен анын ыраазычылыгын табуу жана ошол негиз аркылуу акыретти куткаруу. Адамдын өзүнө пайдасы ыйбадатка берилүү менен мамиледе болуусу. Бул тууралуу Кураны керимде дагы жума намазынын маанисинин жогору экендиги айтылып, керек болсо кызуу жүрүп жаткан сооданы дагы таштап намазга келүү буйрулган.[1] Дагы бир негизгиси элдин бир-бири менен жолугуп таанышуусу, кабар алып ал-ахбалын билүүсү. Мына ушундай эле негиздерди кадыр түн, пайгамбарыбыздын (С.А.В) туулган күнү (Мавлид), Ашура күнү ж.б.у.с. ыйык күн жана кечелерден да байкоого болот. Башкача айтканда, бул күндөр Аллах Таалага болгон ишеним жана ыйбадаттарды артыруу менен акыретте жеңишке жетүү үчүн мусулмандарга өбөлгө болот.

**а. Мухаррам айы**

Ыйык күн жана кечелер адамдар үчүн баалуу болгон убакыт менен да тыгыз байланышкан жана убакыт менен өз ордулары

[1] Жума сүрөсү, 9.

көрсөтүлгөн. Деге эле убакыттын канчалык денгээлде адам баласы үчүн маанилүү экендиги белгилүү. Куран жана хадистерде да мындай баалуулукка маани берилип бир канча жерлерде баса белгилендиги жана адамдарга убакытты туура пайдаланууга чакыргандыгы маалым. Башкача айтканда, Аллах Таала адамдарга убакытка көңүл буруулары үчүн аяттарын түрдүүчө анттар менен баштайт. Атап өтсөк "*Асырга (заман-доор) ант*"[2], "*Шашке маалына ант*"[3]. Ал эми пайгамбарыбыз (С.А.В) бул тууралуу "*Эки нимет бар, адамдардын көбү бул нерселерден баалуулугундан кабарлары жок. Булар ден-соолук жана бош убакыт.*"[4] деп убакыттын маанисин даңазалаган.

Ар бир ыйык күн жана кечелер өздөрүнө белгилүү убакыт келгенде гана ишенген мүчөлөрүнө максатын тартуулайт. Ишенүүчүлөр дагы аларды белгиленген убакытта гана толук түрдө жүрөгүнүн түпкүрүндө сезип, тажрыйбасын баштарынан өткөрүшөт. Жогоруда аты аталган Исламга байланыштуу ыйык күн жана кечелердин дагы өздөрүнө тиешелүү убакыттары бар. Биз сөз кылып жаткан Мухаррам айы жана Ашуура да убакыт менен байланыштуу. Алгач Мухаррам айы тууралуу сөз кыла турган болсок, анын ыйыктыгы бир канча багытта негизделген. Биринчиси анын "*Харам*" деп эсептелген төрт айлардан болгондугунда жатат. Бул тууралуу Кураны керимде Аллах Таала "*Чындыгында асмандар менен жерлерди жараткандан бери Аллахтын Өзүнүн Китебинде айлардын саны - он эки. Булардын төртөөсү - ыйык айлар. Мына ушул (Ислам) - бекем дин ушул айларда өзүңөргө зулумдук кылбагыла.*"[5] деп айтып бул айдын ыйык экендигин көрсөткөн. Бул тууралуу пайгамбарыбыз (С.А.В) "*Мына убакыт, чындыгында Аллах Тааланын асмандарды жана жерди жараткан күндөгү абалы сыяктуу бир доорго өттү: Жыл он эки айдан турат. Алардын төртөө харам айлар; үчөө бир-биринин артында Зилкада, Зилхижжа, Мухаррам, бирөө болсо Жумаада менен Шабандын ортосундагы Ражаб.*"[6] деп айткан.

Харам айлар жахилия доорунда дагы урмат кылынган айлардан болуп эсептелген. Бул айларда согушууга, кан төгүүгө тыюу салынган жана бул айлар адамдардын Каабаны зыярат кылып сыйынууга шарт жараткан. Төрт ыйык айлардын ичинен Мухаррам айынын да өзүнчө орду бар. Мындай өзгөчүлүктү анын "*Мухаррам*" деген атынан да байкаса болот. Себеби "*Мухаррам*" сөзү "*харам кылынган*" башкача айтканда "*урматка ылайыктуу*" деген маанилерге

---

[2] Асыр сүрөсү, 1.
[3] Зуха сүрөсү, 1.
[4] Бухарий, "*Рикак*", 1.
[5] Тавба сүрөсү, 36.
[6] Муслим, "*Касама*", 29.

келет.[7] Тагыраак айтканда, төрт ыйык айдан өзгөчөлөнүп, мындай аталып калышы жок жерден эмес. Анын Исламга чейинки тарыхынын чоң мааниге ээ экендигин көрсөтүп турат. Ошол эле учурда Ислам келгенден кийин да, Мухаррам айында маанилүү окуялар болуп өткөн. Ошондуктан бул айдын маанилүүлүгү андан ары жогорулаган.

Ошондой эле Мухаррам айы мусулмандардын айы болгон Хижрий жыл санагынын биринчи айы болуп саналат. Исламга чейин арабдар айга карап эсептелген бул жыл санагын эсептешип келген. Бирок белгилүү системасы жок болгон, мындайча айтканда бул жыл санагынын белгилүү башталгычы болгон эмес. Ошондуктан акыркы мезгилдерде Пил окуясынын негиз алып, ошол окуядан ушунча жыл кийин деп жыл санагын эсептешчү. Умар (Р.А) доорунда пайгамбардын (С.А.В) Маккадан Мадинага көчүүсү (Миладий 622) негиз алынып, азыркы мезгилге чейин колдонуп келген Хижрий жылынын башталышы катары белгиленген. Ошондо Мухаррам айы бул жыл санактын биринчи айы катары көрсөтүлгөн.

Пайгамбарыбыз (С.А.В) *"Рамазан айынан кийин кармалган орозонун эң жакшысы, Аллахтын айы болгон Мухаррамда тутулган орозо"*[8] деп бул айды *"Аллахтын айы"* катары баалап, анын ыйыктыгына жана берекелүү ай экендигин белгилеп өткөн. Мухаррам айынын ыйык болушунун дагы бир себеби, бул айдын 10-күнү Ашура күнүнүн болгондугунда жатат.

**б. Ашура күнү**

Мусулмандар үчүн Ашура күнү ыйык болуп калышынын бир канча себептери бар. Булардын эң негизгиси пайгамбарыбыздын (С.А.В) сүннөтү. Башкача айтканда пайгамбарыбыз (С.А.В) Мадинага көчүп келгенде, жөөттөр Ашура күнүндө орозо кармап жатканын көрөт, анын себебин сурайт. Ага ушундайча жооп беришет: *"Бул – жакшы күн. Бул күнү Аллах Муса пайгамбар жана Исраил уулдарын Фараондун зулумдугунан куткарган. Ошондон тартып Муса пайгамбар Аллахка шүгүрчүлүк катары ушул күнү орозо тутуп жүрчү экен"* дешет. Анда Аллахтын элчиси (С.А.В) жөөттөргө: *"Силерге караганда биз Мусанын сүннөтүнө дагы жакыныраакбыз"* – дейт да, бул күнү өзү орозо кармап жана башкаларга да буюруган.[9]

---

[7] М. Камил Яшароглу, *"Мухаррем"*, Диянет Ислам ансиклопедиси, Станбул 2006, 31-том, 6-бет.
[8] Муслим, *"Сыям"*, 202.
[9] Бухарий, *"Савм"*, 69.

Пайгамбарыбыз (С.А.В) Ашура күнү кармалган орозо тууралуу мындай деген: *"(Бул күнкү орозо) өткөн жылдын күнөөлөрүнө кафарат (кечирилүүсүнө себеп)"*.[10]

Айша энебизден (Р.А) рываят кылынган (айтылган) хадисте Пайгамбарыбыз (С.А.В) Меккеде жашап жаткан мезгилде да ашура орозосу кармагандыгын көрүүгө болот. Анда мындай деп айтылат: *"Жахилия доорунда Курайыш уруусу Ашура күнүндө орозо кармаар эле. Хижраттан мурда Аз. Пайгамбар (С.А.В.) дагы Ашура орозосун кармоочу. Мадинага хижрат кылгандан кийин, мындай орозо кармоосун улантты; сахабаларына дагы орозо тутууларыны буйрук кылды. Кийинки жылы Рамазан орозосу фарз кылынганда, ашура орозо тутууну таштады. Каалаган бул орозону кармады, каалаган кармаган жок."*[11]

Айта кетчү нерсе, Ашура күнү пайгамбарыбыз Мухаммедке (С.А.В) чейин эле маанилүү дата катары бааланып келген. Негизинен, жогоруда да ишарат кылынгандай бул күнү Аллах Таала Муса пайгамбар (А.С) жана Исраил уулдарын Фараондун зулумдугунан куткаргандыгы үчүн мусулмандар үчүн маанилүү. Бирок бизге чейин айтылып келген рываяттарда бул күндө жогорудагы окуядан башка маанилүү окуялардын болуп өткөндүгүн көрө алабыз. Аладын көбүнүн чындыгын тактай албасак да, эл оозунда жана булактарда сакталып келген жана маани берилген. Бул маалыматтардын кээ бирөөлөрү төмөндөгүчө:

Бул күндө дүйнө жаратылган. Адам атанын (А.С) тообосу кабыл кылынган. Нух пайгамбардын (А.С) кемеси Топондон аман калып, Жудий тоосуна Ашура күнү жээктеген.[12] Маалым болгондой эле Нух пайгамбардын (А.С) Аллах Тааланын буйругу менен өзү менен кошо ыйман келтирип, ишенгендерди кемеге салып топондон куткаруусу жана ыйман келтирип ишенбегендердин сууга чөгүп жок болгондуктары жөнүндөгү маалыматтар Кураны Каримде дагы баяндалган.[13]

Ибрахим пайгамбар (А.С) Намруттун отунан Аллах Таала тарабынан куткарылган. Жакып пайгамбар (А.С) уулу Жусуп пайгамбар (А.С) менен узун убакыттан кийин табышкан. Муса пайгамбар (А.С) жана коому Фиравундун зулмдугунан кутулган. Айып

[10] Муслим, *"Сыям"*, 197.
[11] Бухарий, *"Савм"*, 69.
[12] Юсуф Шевкий Явуз, *"Ашура"*, Диянет Ислам ансиклопедиси, Станбул 1991, 4-том, 25-бет.
[13] Худ сүрөсү, 25-43.

пайгамбар (А.С) оорусунан айыккан. Жунус пайгамбар (А.С) балыктын ичинен чыккан. Иса пайгамбар (А.С) төрөлгөн жана асманга чыккан.[14]

Жогоруда айтылган себептерден улам Ашура күнү мусулмандар үчүн ар дайым ыйык болуп келген. Анын элеси ар түрдүү формада эске алынган. Атап өтсөк Ашура күнү кээ бирки түрк элдеринде өзгөчө белгиленип келет. Ал күнү таттуу тамактар даярдалат. Мисалы Түркияда *"Ашуре Татлысы"* (Ашура шириндиги) ар дайым даярдалып, коңушулар бири-бирине таркатуу адаты уланып келе жатат.[15]

Мындай маанилүү окуялардын пайгамбардан (С.А.В) кийин дагы болуп өткөндүгү тарыхый фактылар менен негизделген. Булардын мусулмандар үчүн эң маанилүүсү жана таасирдүүсү бул Хижрий жыл санагы боюнча 61, Миладий санагы бойунча 680-жылынын Мухаррам айынын онунчу Жума күнү Умаййиддердин экинчи башкаруучусу Йезидтин буйругу менен пайгамбарыбыздын (С.А.В) небереси Хусайын (Р.А) шейит болгондугу.[16] Эхлу бейт[17] мүчөлөрүнүнөн болгон Хусайындын (Р.А) шейит болуусуна себеп болгондуктан, бул күнү ар дайым мусулмандар үчүн өзгөчө болуп келген. Аларга өз таасирин тийгизген. Бул улуу заттын пайгамбардын (С.А.В) небереси болушу жараны ого бетер ырбаткан. Мындай тарыхый окуяны мусулмандар ар дайым унутпай эстеп, үлгү алуулары зарыл. Ошол эле учурда бул сыяктуу традегияларга жол бербөө үчүн аракаттенүүлөрү зарыл. Тескерисинче, үлгү болуп, дүйнөгө биримдик жана ырашкерликти жайылтуулары зарыл.

Башкача айтканда, Хусайынга (Р.А) карата жасалган урмат өз орду менен болуусу зарыл. Бул окуя мусулмандардын ортосунда айрылуу жана жек көрүүнүн себеби болбошу керек. Мындай тарыхый окуянын учурдун проблемасы кылып курал катары колдонуунун эч бир

---

[14] Зейнел Өзлү, *"Османлы девлетинде теккелере бир бакыш: Ашууре геленеги"*, Түрк күлтүрү ве Хажы Бекташий Велий араштырма дергиси, 57-саны, Анкара 2011, 194-195- беттер.
[15] Осмон түрктөрүндө ашура тамагына байланыштуу кеңири маалыматтар үчүн караңыз: Өзлү, 95-96-беттер.
[16] Таберий, Тарихул үмем вал мулуук, Бейрут 1387, 3-том, 332-333-беттер; Ибнул Эсир, Алкаамил фиттарих, Бейрут 1997, 3-том, 432-бет.
[17] Эхлу бейт Ислам багытында маанилүү терминдердин бири. Сөздүк мааниси *"үй-бүлөө мүчөлөрү"* дегенди түшүндүрөт. (Голдзихер, *"Эхлулбейт"*, Ислам ансиклопедиси, Станбул 1964, 4-том, 207-бет.) Тагыраак айтканда бул термин пайгамбардын (С.А.В) үй-бүлөөсү жана урпактары деген мааниге келип, мусулмандар пайгамбар (С.А.В) тарабынан Эхли бейтини сүйүүгө чакырылган. (Тирмизий, *"Менакып"*, 3792) мына улам ар дайым пайгамбардын (С.А.В) Эхли бейти урмат сыйга ээ болуп келген. (Мустафа Өз, *"Эхли Бейт"*, Диянет Ислам ансиклопедиси, Станбул 1994, 10-том, 449-бет.)

пайдасы жок. Азыркы мезгилде мусулмандар ортосунда достук жана биримдик өтө зарыл экендиги айтпасак да белгилүү.[18]

Карбала окуясын[19] эстөө үчүн 10-Мухаррам ашура күнүн аза күтүү күнү деп белгилеп жатып, кээ бирки шиит мусулмандар сыяктуу өзүн-өзү кыйноо, күйүт айтып даттануу, кара кийимдерди кийүү сыяктуу жөрөлгөлөрдү орундатуу Ислам дининин принциптерине туура келбейт.[20] Бул жөнүндө пайгамбар (С.А.В) *"Бетине уруп, жакасын жыртып жахилия доорундагы адаттарды уланткан бизден эмес"*[21] деп айткан.

**Колдонулган адабияттар**

Абдуллах ибн Абдулазиз, Хз. Хусейинин катилинин перде аркасы, Түркчөгө которгон Бекир Салихоглу, Станбул 2007.

Али Аксу, *"Кербела Литаратүрү"*, Чешитли йөнлери иле Кербела семпозюму, Сивас 2010.

Бухарий, Сахих, Бейрут 1422.

Голдзихер, *"Эхлүлбейт"*, Ислам ансиклопедиси, Станбул 1964.

Замира Ахмедова, Азирети Хусайындын өмүр-баяны жана диндик жашоосу, (Басыла элек доктордук диссертация), Анкара 2011.

Зейнел Өзлү, *"Османлы девлетинде теккелере бир бакыш: Ашууре геленеги"*, Түрк күлтүрү ве Хажы Бекташий Велий араштырма дергиси, 57-саны, Анкара 2011.

Ыйык Куран, которгондор: Абдишүкүр Исмаилов, Дүйшөн Абдылдаев ж.б., Бискек 2009.

Ибнул Эсир, Алкаамил фиттарих, Бейрут 1997.

М. Камил Яшароглу, *"Мухаррем"*, Диянет Ислам ансиклопедиси, Станбул 2006.

Муслим, Сахих, Бейрут жылы жок.

Мустафа Өз, *"Эхли Бейт"*, Диянет Ислам ансиклопедиси, Станбул 1994.

Таберий, Тарихул үмем вал мулуук, Бейрут 1387.

Тирмизий, Сүнен, Бейрут жылы жок.

Юсуф Шевкий Явуз, *"Ашура"*, Диянет Ислам ансиклопедиси, Станбул 1991.

---

[18] Замира Ахмедова, Азирети Хусайындын өмүр-баяны жана диндик жашоосу, (Басыла элек доктордук диссертация), Анкара 2011, 1-3-беттер.

[19] Карбала жөнүндө кеңири маалыматтар үчүн караңыз Али Аксу, *"Кербела литаратүрү"*, Чешитли йөнлери иле Кербела семпозюму, Сивас 2010, 1-том, 355-372-беттер.

[20] Кеңири маалымат үчүн караңыз: Абдуллах ибн Абдулазиз, Хз. Хусейинин катилинин перде аркасы, Түркчөгө которгон Бекир Салихоглу, Станбул 2007, 79-92-беттер.

[21] Бухарий, *"Жанаиз"*, 36.